# Баалоо критерийлери

Баалоо бул окутуунун натыйжасында окуучулар эмнени билип, эмнени түшүнө тургандытын жана алар бул билими менен түшүнүгүн кандай колдоно тургандыгын терең билип-түшүнүү үчүн ар түрлдүү булактардан маалыматтарды чогултуу жана талдоо процесси.

Баалоо-бул окутуудагы жетишкендиктерди ченеп-өлчөөчү  жана андагы проблемаларды диагноздоочу,кайтарым байланышты жүргүзүүчү,билим принцибинин катышуучуларын(класстын окуучуларын,мугалимдерди,ата-эиелирди жана мамлекетти)билим берүүнүн абалы,проблемалары жана ийгиликтери жонүндө кабардар кылуучу негизги каражат.

Критерий-бул бир нерсени баалоо,аныктоо же классификациялоо жүргүзүүнүн негизиндиги белгилер. Критерий-бул баалоонун чен-өлчөмү.

**СМАРТ** критерийлер окутуунун максатын аныктап чыгуу үчүн колдонулат Бул критерийлерге ылайык максаттар төмендөгүдөй болушу керек:

**С**-конкреттүү, эмнеге жетишүү керек экендигин айкын билүү үчүн максаттар конкреттүү, бөтөнчө болушу керек.

**М**-ченеп-өлчөнүүчү,коюлган максатка жетишкендикти так айтыш үчүн ,коюлган максаттар ченеп-өлчөөгө ылайыктуу болушу керек.

**А**-пландалган мезгилдин ичинде жетишилгендей,нагыз кандай иш аракет каалаган натыйжага алып келе тургандыгын так түшүнүү үчүн максаттар иш аракетке багытталган болушу керек.

**Р**-реалдуу, аларга жетүүгө боло тургандай реалдуу болушу керек.

**Т**-максаттар так мөөнөткө эсептелип, аткаруу үчүн керектүү каражаттарга ээ болушу керек.

Баалоо-бул окуучулардын окуу жана таанып-билүү ишмердигине байкоо жүргүзүү процесси,ошондой эле билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында окуучу тууралуу маалыматты жазуу, чогултуу, каттоо жана чечмелөө процесси.

Баа берүү-бул баалоо процессинин натыйжасы, баалоо боюнча ишмердик же аракет,сапаттуу кайтарым байланыш маалыматы.

Белги-бул символ,окуучулардын окуу жетишкендиктерин цифралар,тамгалар же башкача түрдө формалдуу-шарттуу,сан менен чагылдыруу,

Окуучулар окуу ишмердигинин роцессинде сапаттуу натыйжаларга жетишүүсү үчүн учурдагы бааллоо төмөндөгүдөй болушу керек:

*Билим берүү процессинин бардык катышуучуларына түшүнүктүү.

*Ийкемдүү

*ченеп-өлчөөчү көп каражаттуу

*Психологиялык жактан ыңгайлуу

*Көп курамдуу

Окуучулардын окуу жетишкендиктерин натыйжалуу баалоо максатында мугалим баалоонун ар түрдүү каражаттарын (диагностикалык,формавтивдик жана суммативдик баалоо) билгичтик менен пайдаланышы керек

**Диагностикалык (аныктоочу) баалоо**-окуучунун компетенцияларынын калыптангандыгынын баштапкы денгээлин аныктоо. Диагностикалык баалоо, адатта, окуу жылынын башында же теманы бөлүмдү, планды окуп-үйрөнүнүн башталышындагы биринчи сабакта жүргүзүлчү баалоо.

Диагностикалык баалоонун максаты- окутуунун максаттарына карата алганда окуучулардын программалык теманы же главаны, предмет боюнчи курсту окуп-үйрөнүүнүн башында кайсыл жерде тургандыгы жөнүндө маалымат алуу.

**Формативдик (калыптандыруучу) баалоо**-окуучунун окуп-үйрөнүүсүнө максаттуу үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүү процесси. Формативдик баалоо формалдуу эмес (көбүнчө коюлбаган)баалоо болуп саналат. Ал баалоону критерийлерге ылайык жүргүзүүгө негизделип, кайтарым байланыштын болушун талап кылат.

Формативдик баалоонун максаты-окуу процессинде мугалимдин жана окуучулардын ишмердигине түзөтүү киргизүү. Форматиндик баалоо мугалимге окуучулардын окуп- үйрөнүү максаттирына карата илгерилөө процессинин алгачкы этаптарында көзөмөлд жүргүзүүгө мүмкүндүк түзүп,ага окуу процессине түзөтүүлөр киргизүүгө, ал эми окуу өзүнүн билим алуусу үчүн жогорку даражадагы жоопкерчилигин сезе билүүсүнө жардам берет.

**Суммативдик (жыйынтыктоочу) баалоо**-теманы, бөлүмдү белгилүү мезгил ичинде окуп-үйрөнүүнү аяктоодо. Билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн калыптангандыгынын денгээлин аныктоого арналат. Суммативндик баалоо ар түрдүү текшерүү иштеринин түрлөрүн(тест,контрольдук иш, лабораториялык иш, изилдөө иши, дилбаян, эссе, долбоор, оозеки презентация ж.б.) аткаруунун натыйжалары боюнча жүргүзүлөт. Текшерүү иштерине коюлган баалар жыйынтыктоочу бааларды аныктоо негиз болуп саналат.

Суммативдик баалоонун максаты-окуучулардын белгилүү мезгилдин аралыгында билимди өздөштүрүүнүн жана билгичтиктер менен компетенттүүлүктүн (камылгалуулуктун) калыптангандыгынын деңгээлин аныктоо жана алынган натыйжалардын стандарттын талаптарына шайкештигин аныктоо

Баалоо-бул окуучулар үчүн да мугалимдер үчүн да кайтарым байланыш Класста ичи баалоо-бул педагогикалык ыкма да,техника да.Бкма катары ал мугалимдин окуу пр кандай жүрүп жаткандыгы жөнүндө билүүсү,бул аган окуу тапшырмаларын,класста иштөөнү пландоого жана окутууну структалаштырууга жардам берет. Техникалар ө

# БААЛОО КРИТЕРИЙЛЕРИ

**«5»** - деген баа окуучу теманы турмуш менен байланыштыра алса, кошумча материалдарды билсе, өз оюн аргументтүү далилдей алса, эссе, долбоор жактаганда өз оюн ireттүү Бере алса, талдай билсе, өз түшүнүгүн далилдей алса, жогорку денгээлдеги суроолорду берип жана аларга жооп Бере билсе жана башка учурда коюлат.

**«4»** - деген баа жазган эмгектеринде үчкө чейинки грамматикалык катасы болсо, материалды билип, бирок суроолорго толук, далилдүү жооп бере албаса коюлат.